Бекитемин

Мектеп директору

23.08.22

Исламов К.А.

2018-2023-окуу жылына карата А.Качибеков атындагы орто мектебинин стратегиялык өнүгүү планы.

Мектептин миссиясы:

Мектептин билим берүү системасынын өнүгүшүнүн стратегиялык максаты чыгармачыл, эркин, социалдык жана кесиптик жактан компетентүү, өзүнө жана айлана-чөйрөсүнө түз көз караштa карап, гармонияда жашай алган, Ата-Журтунун маданиятын билген, «эмгекчил», «үй бүлөчүл», «жаран» миссияларын аткарга алган инсанды тарбиялоо үчүн шарттарды түзүү болуп саналат.

Билим берүүнүн үзгүлтүксүз модулу.

| | | |
|---|---|---|
| 1 | Мепктепке чейинки билим | 5-6 жаш |
| 2 | Башталгыч билим | 1-4-класс |
| 3 | Негизги билим | 5-9-класс |
| 4 | Орто билим | 10-11-класс |
| 5 | Кошумча билим | спорттук секциялар, ийримдер |

Мектептин стратегиялык өнүгүү планынын максаттары:

1. Мектепке жагымдуу жана коопсуздук шарттарды түзүү

| № | Мазмуну | 1-жыл 2018-2019 | 2-жыл 2019-2020 | 3-жыл 2020-2021 | 4-жыл 2021-2022 | 5-жыл 2022 2023 |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Проектилер менен иштеп, эмеректерди техникалык базаны чыңдоо | + | + | + | + | + |
| 2 | Электр проводдорун толук которуу, оңдоо | + | | | + | + |
| 3 | Мектептин ичин капиталык ремонттон өткөрүү | | | | | + |
| 4 | Мектептин сырын капиталдык ремонттон өткөрүү | | | | | + |
| 5 | Мектептин айланасын тосуу, оңдоо | | | + | + | + |
| 6 | Окуучулардын коопсуздугу үчүн видео көзөмөл орнотуу | | + | + | + | |

Scanner App Lite

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 7 | Мектептин жылытуу системасынын электр түйүндөрүн ремонттон өткөрүү. Кошумча көмүр төкчү жай курдуруу. | | | | + | |
| 8 | Мектептин сырткы ажатканасын жаңылоо | | | | + | + |
| 9 | Мектептин айланасындагы жараксыз теректерди алдырып, жаңы көчөттөрдү отургузуу. | | | + | + | + |

Мамлекеттик билим берүү стандартын ишке ашыруу.

| № | Мазмуну | 1-жыл 2018-2019 | 2-жыл 2019-2020 | 3-жыл 2020-2021 | 4-жыл 2021-2022 | 5-жыл 2022-2023 |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Окуучулардын билим сапатын көтөрүү | + | + | + | + | + |
| 2 | Мугалимдердин өз билимин өркүндөтүү | + | + | + | + | + |

Мектептин стратегиялык өнүгүү планынын багыты.

Багыттарды ишке ашыруу иш- чаралар.

| Аталышы | Иш-чаралар | Мөөнөтү | Жооптуу адам |
|---|---|---|---|
| 1 | 2 | | |
| Билим берүү мазмунундагы өзгөрүүлөр | 1.кызматтык нускамаларды изилдөө | 2018-2023 | Администрация |
| | 2.МОСыны ишке ашырууну колдогон окуу программаларын талдоо | | Администрация |
| | 3.МОСны ишке ашыруу үчүн окуу планын киргизүү | | Администрация |
| | Окуучуларды НЦТга, ЖРТга даярдоо технологиясын өркүндөтүү | | Предметтик мугалимдер |
| Окутуу билим берүү жана өнүктүрүү жаатындагы инновациялык технологиялар | 1.Окуу процессин жүргүзүүдө мугалимдерди заманбап технологиялар менен тааныштыруу | 2018-2023 | Метод бирикменин жетекчилери, мугалимдер, окуу бөлүмүнүн башчысы |
| | 2.Мугалимдердин жаңы технологияларды ишке ашыруу тажрыйбасын үйрөнүү жана жалпылоо | 2018-2023 | Метод бирикменин жетекчилери |

Scanner App Lite

| | | | |
|---|---|---|---|
| | 3.Каралган маселе боюнча семинар, тегерек столдорду өткөрүү | 2018-2023 | Метод бирикменин жетекчилери. |
| Билим берүүнүн баскычтары менен баскычтарынын ортосундагы үзгүлтүксүздүк | 1.Билим берүүнүн мурунку баскычында окуучулардын эс тутуму натыйжаларын мугалимдер тарабынан натыйжалуу текшерүү. | Дайыма | Мугалимдер класс жетекчилер |
| | 2.билим берүүнүн ар кандай формаларын колдонуу (лекция, семинар ж.б.) | 2018-2023 | мугалимдер |
| | 3.Бүтүрүүчүлөргө кесиптик багыт берүү боюнча иш уюштуруу | Жыл сайын | Мугалимдер, класс жетекчилер |
| Класстан тышкаркы иштер | Балдардын чыгармачылык жөндөмдөрүн өркүндөтүү максатында кызыкчылыкка негизделген тандалма сабакты уюштуруу. | 2018-2023 | Мугалимдер |
| | 2.Окуучуларды Республикалык, облустук, райондук иш-чараларга катыштыруу. | 2018-2023 | Мугалимдер |
| | 3.Спорттук секцияларынын тармагын кеңейтүү | 2018-2023 | Дене тарбия мугалими |
| | 4.билим берүүнүн бардык баскычтарында үзгүлтүксүз спорттук иш-чараларды өткөрүү | 2018-2023 | Мугалимдер |
| | 5.Жайкы каникулда эс алуу лагерин уюштуруу. | Жыл сайын | Администрация |
| | 6.1-4-класстын окуучуларын ысык тамак менен камсыздоо. | 2018-2023 | Администрация |
| | 7.Окуу процессинде гигиеналык нормаларды сактоо. | Дайыма | Администрация |
| Өзүн-өзү башкаруу уюмун өнүктүрүү. | 1.«Манас жаштары» уюмунун ишин улантуу.<br>2.өзүн-өзү башкаруу уюмунун мүчөлөрүн тарбия иштерин өткөрүүдө активдүүлүгүн жогорулатуу. | 2018-2023 | Тарбия завуч |
| Билим берүү процессиндеги уюмдун шарттарындагы жаңылыктар | 1.Жаш кадрларды даярдоо<br>2.Класс жетекчилердин ар кандай өз билимин өркүндөтүү, курстарга, семинарларга жиберүү.<br>3.Жаңы тарбиялык, инновациялык технологияларды билим берүү тармагына киргизүү. | 2018-2023 | Администрация |

Scanner App Lite

| | | | |
|---|---|---|---|
| Класс жетечилердин кесиптик чеберчилигин өнүктүрүү | 1.Класс жетекчилер менен тарбия иштери боюнча ар дайым кеңешмелерди өткөрүү | 2018-2023 | Тарбия завуч |
| | 2.Патриоттук жаранды жана адептүү инсанды тарбиялоо багытында ар дайым класстык сааттарды өткөрүү | 2018-2023 | Класс жетекчилер |
| | 3.Класс жетекчилер менен ата-энелердин ортосунда тыгыз байланыш түзүү | 2018-2023 | Класс жетекчилер |
| | 4.Класс жетекчилердин ишин баалоо системасын иштеп чыгуу | 2018-2023 | Соцпедагог Тарбия завуч |
| Окуучулар менен профилактикалык иштерди жүргүзүү | 1.Маалыматтар базасында ИДНдин кызматкерлери менен үзгүлтүксүз иштерди алып баруу. | Жыл сайын | Соцпедагог Класс жетекчилер |
| | 2.Ошол окуучуларды спорттук секцияларга, ийримдерге катыштыруу боюнча иш-чараларды өткөрүү. | 2018-2023 | Соцпедагог Класс жетекчилер |
| | 3.Окуучулар жана ата энелер арасында ИДН, ОВД, ГИБДД менен түшүндүрүү иштерин жүргүзүү. | Ар дайым | Соцпедагог Тарбия завуч Класс жетекчилер |
| | 4.Профилактикалык кенешме тарабынан «тобокел» тобунда турган балдар менен жекече ишти уюштуруу | Ар дайым | Соцпедагог |
| Зээндүү балдар мене ниш алып баруу | 1.Окуучуларды класстан тышкаркы өткөрүлүүчү кароо-сынактарга, конференцияларга предметтик олимпиадаларга катышууга даярдоо. | 2018-2023 | Класс жетекчилер Предметтик мугалимдер |
| | 2.Райондук жана облустук иш-чараларга катышуу. | 2018-2023 | Класс жетекчилер Предметтик мугалимдер |

Scanner App Lite

Тарбия системасынын багыты.

Максаты:

1.Зээндүү окуучулар үчүн чыгармачыл чөйрөнү өнүктүрүү.

2.Активдүү позициясы бар, руханий-адептик инсанды тарбиялоо.

Багытты өнүктүрүү иш чаралар.

| Багыт | Иш-чаралар | Мөөнөтү | Жооптуу |
|---|---|---|---|
| | - Жыл сайын багыт боюнча тарбия ишин пландоо | 2018-2023 | Тарбия завуч |
| | - Руханий жактан адептүү инсанды калыптандыруу максатында концерттерге, жаратылышка, музейлерге чыгуу | 2018-2023 | Класс жетекчилер |
| | - Мектептин ийримдерине катышкан окуучулардын кароо сынагын көрсөтүү | 2018-2023 | Ийрим жетекчиси |
| | - Тарбия иштери боюнча иш-чараларга окуучуларды толугу менен катыштыруу | 20182023 | Тарбия завуч |
| | - өтүлгөн тарбия иштеринин жыйынтыктарын массалык маалыматка жайгаштыруу | 2018-2023 | Тарбия завуч |
| Патриоттук жаранды тарбиялоо | -Улуу Ата-Мекендик согуштун Жеңиш күнү, советтик аскерлердин Афган жеринен чыгарылышы, Мекенди коргоо күндөрүнө карата иш-чараларды уюштуруу | 2018-2023 | Тарбия завуч |
| | - Мамлекеттик майрамдын иш-чараларын өткөрүү | 2018-2023 | Тарбия завуч |

«Окуучулар жамааты» программасын ишке ашыруу боюнча иш-чара.

| Багыт | Иш-чаралар | Мөөнөтү | Жооптуу |
|---|---|---|---|
| Педагогикалык жамааттын кесиптик өнүгүшү | 1.Мугалимдердин өз билимин өркүндөтүү | 2018-2023 | Администрация |
| | 2.Мектептик жана райондук усулдук бирикмелерге катышуу | 2018-2023 | Мугалимдер |

Scanner App Lite

| | | | |
|---|---|---|---|
| | 3.Мугалимдерди компьютердик сабаттулукка окутуу | 2018-2023 | Администрация |
| | 4.Тажрыйба алмашуу максатында өз ара сабакка катышуу | 2018-2023 | Мугалимдер |
| | 5.Кесиптик-кароо сынактарга дайым катышуу | Ар дайым | Мугалимдер |
| | 6.Жаш адистер менен иш алып баруу | Келгенине жараша | Администрация |
| | 7.Мастер класс семинарларын өткөрүү | 2018-2023 | Администрация |

Багыт: Окуучулар составын өркүндөтүү.

- Белгилүү бир иш аракеттер мектепте окутуунун сапатын анализдөө адилеттүүлүктү талап кылат.

- Маалыматтык технологияларды, педагогикалык иш-аракеттерде окутуунун жаңы формаларын жана ыкмаларын колдонгон мугалимдерди стимулдаштыруу.

- Өзгөчө жаш адистерди материалдык жана моралдык стимулдаштырууну ийкемдүү тутмун сактоо.

- Мугалимдер үчүн заманбап технологияларды жана мыкты тажрыйбаларды эске алуу менен квалификацияны жогорулатуу курстарынан үзгүлтүксүз өтүп туруу.

- МТКны үйрөнүү боюнча курстарда жаш мугалимдерди артыкчылыктуу окутууда жана алардын жумуш орундарын окуу процессинде МКТны колдонууга мүмкүндүк берген заманбап техникалык каражаттар менен жабдуу.

- Негизги максат: мектепте педагогикалык ресурстарды өнүктүрүү.

- Максаты: жаш адистерди мектепке иштөөгө тартуу: маселени чечүү, мугалмидерди жана жаш мектеп адистеринин алдыңкы демилгесин стимулдаштыруу, квалификациясын жогорулатуу, курстардан үзгүлтүксүз өтүп турuусун активдештирүү, мугалимдердин заманбап технологияларын үйрөнүүсү.

Scanner App Lite

Абдулла Качибеков атындагы орто мектебинин 2018-2023-окуу жылында мектептин 5 жылдык стратегиялык планынын аткарылышы боюнча маалымат.

2018-жылы мектептин актовый залынын потологун ремонт кылууда Чолпон айыл өкмөтү тарабынан 60 000 сом бөлүнүп, Оро-Башы айылынын тургундарынын 2018-жылдагы 20 жылдык бүтүрүүчүлөрү 20 000 сом акчалай беришти. Актовый залдын потологу ремонттон өткөрүлүп бүттү.

2018-жылдын 11-классынын бүтүрүүчүлөрү актовый залга 8 000 сомго көшөгө тиктирип 2000 сомго карниз белек кылышты.

Компаньон банкы уюштурган "Мен жана жаратылыш" сынагында ар кандай таштандыга ыргытылуучу заттардан ар кандай буюмдарды жасап, 8-11-класстардын арасында сынак өткөрүлдү. Кочкор районунун аймагындагы айыл өкмөттөрүнүн жайыт комитеттери жана айыл башчыларынын катышуусунда "Мен жана жаратылыш" темасында семинарга катышышты.

Сүрөт боюнча 11-класстын окуучусу Саадатбекова Элиянура ардак грамота жана 1500 сом менен сыйланды. Пластик идиштер менен кыймылдуу модель жасап 9-класстын окуучусу Эрнисбек уулу Арген 2000 сом жана грамота менен сыйланды. DVD дисктери менен шөкөттөлгөн көйнөк тигилип, 9-класстын окуусу Алакова Байма 1500 сом жана грамота менен сыйланды. 9-класстын окуучусу Мурат кызы Ширин желим идиштерден көйнөк тигип, 1500 сом жана грамота менен сыйланды. Мектеп окуучулары жаратылышты коргоо темасында көптөгөн жакшы идеяларды көтөрүп, жакшы презентацияларды жасашты. Айыл өкмөттөн келген жайыт комитеттери сынакты жогорку дэңгээлде өттү деп жыйынтыкташты.

"2018-аймактарды өнүктүрүү" жылына карата уюштурулган райондук спартакиада Жоомартов Изат 200 метр аралыкка чуркоо боюнча 1-орунду камыз кылып облустук спартакиадага жолдомо алды. Облустук спартакиадада эстафета жарышында 3-орунду ээлеп диплом менен сыйланды.

Кочкор райондук аскер комиссариаты 23-февраль Ата-Мекенди коргоочулар күнүнө карата өткөрүлгөн кароо сынакта жеңишке жетишкендиги үчүн "Оро-Башы" орто мектебинин 11-классынын окуучусу Саадатбек кызы Элиянура кочкор райондук аскер коиссариатынын 2-даражадагы дипломy менен сыйланды.

2019-2020-окуу жылында Кыргыз Республикасынын Баатыры, мамлекеттик жана коомдук ишмер Усубалиев Турдакун Усубалиевичтин 100 жылдык маарекесине арналган Кочкор району боюнча мектептер арасында өткөн сценка коюу боюнча сынакта Качибеков Абдулла атындагы орто мектебинде: Исламов К. Бакыт уулу А. Дыйканбаев Э. Токтогул уулу Б. Касымалиева Б. Абдрахманова А. Арматова Д. 3-орунду камсыздагандыгы үчүн, Ысык-Көлгө 3 күндүк эс алуу жолдомосу менен эс алып келишти. Мектептеги окуучулардын били сапатын көтөрүүдө USAID "Келгиле окуйбуз" долбоору боюнча башталгыч класстын мугалимдери билим алышты. Урания Мега Майнд компаниясы тарабынан менталдык арифметика боюнча билим алган Күрпүкова А. ата – энелердин каалоосу боюнча кошумча сабактарды өттү.

Scanner App Lite

2020-2021-окуу жылында мектептин 2 корпусуна 36 750 сомго видео көзөмөл орнотулду. Тышына 2 ичине 2 видео камера орнотулду. Мектептин жылытуу системасы көмүр жана электр энергиясы менен иштейт. Жылытуу системасындагы тендер күйүп кеткендиктен 6500 (алты миң беш жүз) сомго алмаштырылды. Бардык чыгымдар мектептин көмөкчү чарбасынын эсебинен алынды. Мектептин 20 жылдык бүтүрүүчүлөрү тарабынан актовый залдын 3штук терезеси, пластикке 1штук темир эшикке  алмаштырылган. Чыгымдын жалпы суммасы 35 000 (отуз беш миң) сомду түзгөн. Ушул жылы мектептин айлана-чөйрөсүнө 50 штук терек 25 штук тал отургузулду.

Мугалимдердин өз билимин өркүндөтүү курстарына Сейталиева Жазгүл Ажыкеевна, Күрпүкова Аида Калыковна барып, билимдерин өркүндөтүп келишти. Мугалимдер заманбап технологияларды колдонуп  сабактарды өтүп келишет. Башталгыч класстардын мугалимдери жайкы эс алууда окуучуларга лагер уюштурулуп, план түзүлүп, он күндүк иш-чараларды өткөрүп турушту.

Абдулла Качибеков атындагы орто мектебинин 2021-2022-окуу жылында мектептин 5 жылдык стратегиялык планынын аткарылышы боюнча маалымат.

1-4-класстарды ысык тамак менен камсыздоо максатында бүткүл дүйнөлүк азык түлүк программасынын колдоосу менен 1км.200 метр жер айыл тургундары тарабынан ун, суу майга казылып, Чолпон айыл өкмөтү тарабынан 160 000 (жүз алтымыш миң) сомго 1км.200метр 63-размердеги суу түтүгү, 2 штук аристон, 2 штук раковина, суу кетчү түтүкчөлөрү, канализациянын 100 размердеги 20 метр түтүгү берилген.

Технологияларды колдонуу: Мугалим санариптик инструменттерди жана ресурстарды колдонуу сыяктуу окутууну жана окутууну колдоо үчүн технологияны эффективдүү колдоно билиши керек. Анткени окуучулар технология жана тиркеме, программаларды колдонуу боюнча мугалимдерден алдыда жана талап күчтүү. 2021-2022-окуу жылында Кочкор районундагы мугалимдер аралык «жыл мугалими» сынагында Качибеков Абдулла атындагы орто мектебинин орус тили жана адабият мугалими Абдрахманова Аида III-орунду камсыз кылып, Кочкор райондук билим берүү бөлүмүнүн ардак грамотасы, микроволновка жана 2000 сом сыйлыгы менен сыйланды.

Кочкор районунун окуучулары арасында Кочкор райондук «Прогресс» коомдук фонду уюштурган «Чал жана деңиз» китеп сынагында Качибеков Абдулла атындагы орто мектебинин 9-классынын окуучусу Замир кызы Нурайым I-орунду камсыз кылып, ноутбук жана грамота медаль менен сыйланды. Ошондой эле 10-класстын окуучусу Качкын уулу Султан эң жакшы жетишкендиги үчүн грамота менен сыйланды. Жогорудагы аты аталган окуучуларыбыз борборубуз Бишкектеги ак үйгө жана музейлерге 3 күндүк саякатто жолдомосун алышты.  Кочкор райондук билим берүү бөлүмү тарабынан физика сабагынан жаш илимпоз конкурсуна Качибеков Абдулла атындагы орто мектебинин катышкан окуучуларыбыз Нурбекова Айгерим, Чолпонбекова Элайым, Замир кызы Нурайым "Ат – Табия" командасы 4-орунду ээлеп, грамота жана башка белектер менен сыйланды.

Scanner App Lite

2022-2023-окуу жылында мектептин стратегиялык планынын аткарылышы боюнча маалымат. Бүткүл дүйнөлүк азык түлүк программасынын колдоосу менен ашканага электр плитасы, спиралдык камыр жууруучу машина, стеллаж, холодильник ж.б. майда буюмдарды камсыз кылып беришти.

1-4-класстарды ысык тамак менен камсыздоо толук ишке киргизилип, ашканага керектелүүчү эмеректердин чыгымдары мектептин көмөкчү чарбасынан 32 350 сомго каржыланды. Ата-энелер тарабынан 41 000 сомго идиш аяктар алынып берилди. Ысык тамактын берилишине айына 200 сомдон чогултулуп, ата-энелер тарабынан жумасына бир күндүк ысык тамак берилет. Мектептин 1-корпусу айыл тургундары тарабынан кырып шыбалып, 35 250 сом мектептин көмөкчү чарбасынын эсебинен жумшалды.

Чолпон айыл өкмөтү тарабынан 300 000 (үч жүз миң) сом тендер жарыяланып, чугун батареялары, трубалары, насостору ж.б. шаймандары алынып берилди. Жалпы мектеп жамааты дем берүүчү акчанын 1-кварталына бөлүнгөн 109 370 (жүз тогуз миң үч жүз жетимиш) сом эмгек акысын чогултуп беришти. Жылытуу системасынын мешине 80 000 (сексен миң) сом, эмгек акысына 60 000 (алтымыш миң) сом көмөкчү чарбанын эсебинен жумшалды.

Качибеков Абдулла атындагы орто мектебинин физика мугалими Исаева Замира физика кабинетин ичин кырып шыбоо иштерин жүргүзүп, эки пластик терезе. гипсокардон, шпатлевка, жана ремонттун эмгек акысы менен 80 000 (сексен миң) сомду өз эсебинен жумшадып ремонт иштери бүтүрүлдү. Азыркы учурда аткарыла турган иштердин Чолпон айыл өкмөтүнүн бюджетинен мектептин 1-корпусунун электр проводторун алмаштырууга 37 000 сомдук тендер жарыяланды. АРИС агентствосунан 1-корпустун терезелерин алмаштырууга 235 000 сом каралууда. Мектеп администрациясы дагы да болсо инвестиция тартуу максатында. Футбол аянтчасына, спорттук зал курдурууга көп аракеттерди жасоодо.

Scanner App Lite